**ММК фондунун 2025 жылы  жарандардын кайрылуулары боюнча жургүзүлгөн иштер**

2025-жылы ММК фондуна жарандардан 44048 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинде 113  Шыр байланышына– 42608 кайрылуу; ММК фондунун аймактык башкармалыктарына – 442 оозеки кайрылуу, кат жүзүндө – 305, электрондук – 92, коомдук кабылдамага каттагандар – 601.

Кайрылуулардын негизги бөлүгү Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат алуу, кошумча төлөм төлөө, коронавирус, ММК полисин сатып алуу, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу, камсыздандыруу статусун текшерүү, гемодиализ кызматы ж.б. маселелер боюнча кеңеш суроо иретинде келип түшкөн кайрылуулар болуп эсептелет.

295 даттануу келип түштү, анын ичинде 146 (49%) тастыкталды. Бардык даттануулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө каралып чыкты.  Даттанууларды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чаралар көрулдү: 51 учурда сөгүш берилди; 62 учурда эскертүү берилди; 9 учурда материалдык колдоо алынып салынды; саламаттык сактоо уюмдарында талдоо жүргүзүлгөн, бир учурда тоголок арыздар саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине маалымдалды; 7 медициналык кызматкер (өз каалоосу боюнча) иштен бошотулду, кызматкерлери арасында, анын ичинде этика жана деонтологияны сактоо боюнча түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөн. ММК фондунун кызматкерлери 21 учурда даттанууларды кароо боюнча комиссиянын ишине катышкан.